**Ашымбаева Токтобүбү Абасовнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары (Кыргыз Республикасынын мисалында)» деген темадагы диссертациялык ишине берилген расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Билим берүү мейкиндигинин ачыктыгы, билим берүү парадигмаларынын өзгөрүшү, жаңыча социалдык ролдорду өздөштүрүүгө болгон муктаждыктар турмуштук стратегиялардын өзгөрүшүнө, каада-салттын, диндин, идеологиянын жана башка маданий жол-жоболордун жөнгө салуучу ролунун бошоңдошуна же жоюлуп кетишине байланыштуу ишмердүүлүгү «тобокелдик коомго» багытталган социалдык педагогдорду кесиптик жактан даярдоо жаатындагы артыкчылыктарды кыйла өзгөрттү. Социалдык-педагогикалык билим берүү ага баш-оту менен кирип кеткендерге эле эмес, көп сандаган байланыштардын жана мамилелердин аркасында «социомаданий чөйрө» менен кошо коомдун бардык мүчөлөрүнө дагы таасирин тийгизет, ал адамзат коомуна сиңип кетет дагы, инсандын турмуштук кызыкчылыктарын, каалоо-мүдөөлөрүн жана тандоолорун, жашоосунун маанисин жана баалуулуктарын аныктайт.

Социалдык чөйрөдөгү адистердин бардык категориялары боюнча кесипкөйлөндүрүү маселеси адамдын айлана-чөйрөнү жана жашоо-турмушту көрө билүүсүн, жашоого жана дүйнөгө субъективдүү көз карашын аныктоого багытталган кесиптик ишмердүүлүктөрүн педагогикалаштыруу менен тыгыз байланыштуу.

Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү проблемасын чечүүгө өбөлгө болгон жана кайсы бир деңгээлде чече билген бул стратегия Т.А. Ашымбаеванын илимий изилдөөлөрүн жүзөгө ашырууда нускамалык багыт болгон.

Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, сунуштардан жана пайдаланылган булактардын библиографиялык тизмесинен турат. Диссертациянын өзөктүк мазмуну автордун жарыкка чыккан 15 макаласында чагылдырылган.

Азыркы учурда социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү процесси, тилекке каршы, анчалык динамикалуу эмес бойдон калууда. Арийне, коомдо орун алган зордук-зомбулук, басып алуучулук жана турмуштук мүдөө-максаттарды жоготууга байланыштуу резонанстык окуялар социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн

жаңыча мазмунун, жаңы ыкмаларды жана педагогикалык шарттарды актуалдаштырат. Ошентип, изденүүчү өзүнүн изилдөөсүн төмөнкүдөй **аспекттерде** жүзөгө ашырган:

а) *биринчиден,* социалдык педагогдун ишмердүүлүгү боюнча изилдөөлөргө, анын Кыргыз Республикасындагы өнүгүү этаптарына жана мазмунуна *теориялык талдоо жүргүзүлгөн*, ошондой эле изилдөө предметине *ата мекендик, жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк эмгектерге* кыскача чагылдыруучу түшүндүрмө берилген; социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүү жана натыйжалуулугун камсыз кылуу боюнча *иштиктүү тажрыйбалар,* эксперттик иштердин жыйынтыгы боюнча *сунуштамалар* өздөштүрүлгөн.

Изденүүчү социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн калыптануу этаптарына: I (1917-ж. чейин) – Улуу октябрь революциясына чейин, II – Улуу октябрь революциясынан кийин (1917–1991-жж.), III – постсоветтик этап (1991-ж. тартып азыркы кезге чейин) этнопедагикалык, этнографиялык, тарыхый өңүттөрдөн жана педагогикалык аспектилерден мүнөздөмө берип келип, *бүгүнкү күнгө чейинки маанилүү жана актуалдуу өзгөчөлүктөрүн баса белгилеген:*

– кыргыз элинин жетим балдарга, улгайган, жардамга муктаж жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата этномаданий жана гумандуулук багытын; I этапта жатак үйлөрдүн, карылар үйүнүн жоктугун;
– кыргыз элдик педагогикасындагы кеменгер даанышмандардын насааттарындагы «ар-намыс» жана «абийир» сыяктуу түшүнүктөрдүн маани-маңызын (А.А. Алимбековдун изилдөөлөрү боюнча);
– ата-энеси таштап кеткен балдардын жоктугун;
– «уруулук камкордукка алуу», «баланын укуктары», багып алынган балдарга «ат коюу» сыяктуу көрүнүштөрдүн болушун жана ошол негизде түзүлгөн атайын документтин болушун – 1893-жылы Токмок уездинин бийлеринин съездинде кабылган жана бекитилген Жобо;
– Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Жеңижок, Молдо Нияз, Токтогул, Калык Акиев сыяктуу таланттуу акындардын социалдык адилеттүүлүк жөнүндө көрөгөчтүк менен жазган поэтикалык чыгармаларын, алардын таалим-тарбиялык жактан маанилүүлүгүн.

Изденүүчү тарабынан Советтер Союзунун тушундагы Кыргыз Республикасындагы педагогика тарыхынын бир бөлүгү болгон *социалдык педагогиканын өнүгүү хронологиясы* (17–32-бб.), тарыхый процесстин «панорамалык көрүнүшүнүн» элестүү сыпатталышы өзгөчө кызыгууну

туудурат. Бул теориялык материал социалдык педагогдор үчүн жогорку кесиптик билим берүү системасындагы ата мекендик окуу китептеринин мазмунун байытат.

б) *экинчиден,* компетенттүүлүк өңүттөн алып карасак, автор социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмунун төмөнкүдөй мүнөздө ачып берет:

- турмуштук кыйын жагдайда калып, «тобокелдик топко» киргизилген балдар жана үй-бүлөлөр менен иштөөгө *даяр болуу;*
- социалдык-коммуникациялык *көндүмдөр;*
- проблеманы чечүүгө жана чечимди кабыл алууга *жөндөмдүүлүк.*

Ошону менен бирге социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүн изденүүчү социалдык педагогдордун өсүш динамикасын 4 категорияга бөлүү менен дифференцирлейт: аткаруучу, адис, кесипкөй, лидер. Айрым аталыштар жетиштүү даражада ынанымдуу болбосо дагы, алгачкы көз карашта кайсы бир деңгээлде синонимдүү болгон сыяктуу, автор ишмердүүлүк милдеттердин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн өсүш динамикасын сыпаттап бере алган.

Бул социалдык-педагогикалык билимдердин абстракттуу окшоштугун, ошондой эле социумдагы мамилелердин социалдык-педагогикалык интеграцияланышы менен коомдогу инсандар аралык мамилелерди өнүктүрүү үчүн педагогикалык жана башка ыкмалардын ортосундагы айырма «жоюлуп» кетерин белгилей кетүү зарыл. Ошого байланыштуу изденүүчү тарабынан «социалдык педагог» жана «социалдык кызматкер» деген түшүнүктөргө максаты, объекти, предмети, эмгек ишмердүүлүгүнүн орду деген критерийлер боюнча салыштырма талдоо жүргүзүлгөн. Андан тышкары, автор социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн сыпаттаган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мазмунуна социалдык педагогдун иш милдеттери жөнүндө толуктоолорду киргизүү менен жеке салым кошконун көрсөткөн.

Изденүүчүнүн 3 компонент боюнча иштеп чыккан социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү модели көңүл бурууга татыктуу: максаттык, мазмундук-процесстик жана натыйжалык. Арийне, изденүүчү түпкү натыйжа катары «Лидер» категориясынын калыптануусун көрсөткөнү менен, мүнөздөмөлөрүнө караганда ага чейинки категориялар деле эффективдүү болуп саналат.

в) *төртүнчүдөн,* педагогикалык-тажрыйбалык иштин жүрүшүндө социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн зарыл болгон педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу далилделген. Ал системалуу түрдө төмөнкүдөй көрсөтүлгөн:

- социалдык педагогдун турмуштук абалы оор үй-бүлөлөрдү аныктоо боюнча иште 7 этапты басып өтүүнү сактоо керектиги;

– социалдык педагогдун тажрыйбага багытталган технологияны колдонушу;
– социалдык педагогдун ишмердүүлүгүн жергиликтүү башкаруу органдарынын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана ата-энелердин иши менен айкалыштыруу.

Эксперименттин натыйжасы «Лидер» даражасына жеткен социалдык педагогдордун саны 2 эсеге өскөндүгүн көрсөткөн. Бул изденүүчү тарабынан иштелип чыккан шарттардын натыйжалуулугун далилдеп турат.

**Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн деңгээли жана алардын ынанымдуулугу** төмөнкүлөр менен камсыз кылынган:

– маселени 3 түрдүү ыкманын жыйындысында кароо методологиясы менен: компетенттүүлүк, системалык жана тарыхый өңүттөр;
– изилдөөдө сынактан өткөн илимий-методологиялык аппаратты колдонуу менен;
– изилдөө ишинин ынанымдуулугу изилдөө предмети боюнча буга чейинки илимий-изилдөө иштерине ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө негизделгендиги менен;
– педагогикалык-тажрыйбалык натыйжаларга таянуу менен.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

1. Кыргыз Республикасында социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн илимий-теориялык негиздери жана тарыхый өнүгүүсү өздөштүрүлгөн жана системалаштырылган; социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн мазмуну аныкталган.

2. Социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүнүн маани-маңызы жана түзүмү такталган, кесиптик компетентүүлүктүн критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери иштелип чыккан.

3. Социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары, ар түрдүү даярдык деңгээлдерин диагноздоону шарттаган маанилүү мүнөздөмөлөрдү, компоненттер, критерийлер жана көрсөткүчтөр системасын чагылдырган социалдык педагогдун кесиптик компетентүүлүгүнүн модели аныкталан жана иштелип чыккан.

4. Социалдык педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу далилденген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын камтыган бир кыйла олуттуу натыйжалар төмөнкүлөр болуп саналат:**

– «социалдык педагогдун кесиптик компетентүүлүгү» түшүнүгүнүн жана анын ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүнүн маани-маңызын тактоо;

– кесиптик компетентүүлүктү калыптандыруунун компоненттерин, критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана деңгээлдерин иштеп чыгуу;

– социалдык педагогдун кесиптик компетентүүлүгүн өнүктүрүү моделин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү катары** төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

– Кыргыз Республикасында социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн архивдик материалдарга жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө негизделген тарыхый түшүндүрмө ата мекендик педагогика илиминин, атап айтканда, анын социалдык педагогика тармагынын мазмунун өркүндөтүүгө өбөлгө болот;

– автор тарабынан белгилүү бир деңгээлде калыптандырылган жана далилденген жоболор, корутундулар жана сунуштар социалдык педагогика теориясынын бир катар олуттуу аспекттеринин өнүктүрүлүшүн жана толукталышын шарттайт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** изилдөө жыйынтыктарынын жана сунуштарынын кеңири колдонулуу мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат:

– *социалдык педагогдордун деңгээлдик типологиясы*: аткаруучу, адис, кесипкөй, лидер;

– социалдык педагогдун *кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү модели*;

– социалдык педагогдор үчүн «Өзгөчө кырдаалдарда мектептерде жагымдуу социалдык-психологиялык шарттарды түзүү» (36 с.) *семинар-тренинги;*

– социалдык педагогдор үчүн *методикалык сунуштар:* «Социалдык педагогика. Алгачкы кадамдар»;

– социалдык педагогдор үчүн *билим берүү модулу:* «Турмуштук оор кырдаалга тушуккан балдар үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда социалдык педагогдун ролу».

**Диссертациянын натыйжаларын жана корутундуларын колдонуу боюнча конкреттүү сунуштар:**

– социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн тарыхый түшүндүрмөсү, «социалдык педагогдун кесиптик компетентүүлүгү» түшүнүгү, социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү модели жождогу окуу процессинде социалдык педагогдорду даярдоо боюнча лекциялык материал катары колдонулууга болот;

– изденүүчү тарабынан иштелип чыккан тренингди жана окутуучу модулду (практикалык маанилүүлүгүн караңыз) кошумча кесиптик билим

берүүчү уюмдардагы квалификацияны жогорулатуу курстарында колдонуу сунушталат;

– педагогикалык-уюштуруучулук шарттарды социалдык педагогдун ишмердүүлүгүндө колдонуу сунушталат;

– турмуштук оор кырдаалга тушуккан балдарды аныктоо боюнча диагноздоочу каражаттарды колдонуу социалдык педагогдор үчүн эле эмес, жалпы билим берүүчү уюмдардагы педагогикалык кызматкерлердин бардыгы үчүн сунушталат.

**Негизги жоболордун жана жыйынтыктардын жарыкка чыгарылуу деңгээли.** Диссертациянын темасы боюнча автор тарабынан жарыкка чыгарылган илимий эмгектер илимий изилдөөнүн негизги натыйжаларын чагылдырып турат.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта мүмкүн болгон мүчүлүштүктөр:**

**1.** Диссертацияда чагылдырылган илимий натыйжалар калыптанып калган социалдык педагогдорго арналгандыктан жана илимий изилдөө иши алардын кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталгандыктан, автор жождун азыркы учурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн – социалдык педагогдордун деңгээлине сын көз караштагы талдоо жүргүзүү жолу менен көрсөтүп берсе жана бүтүрүүчү социалдык педагогдордо ЭМНЕЛЕР КАЛЫПТАНДЫРЫЛГАНДЫГЫН аныктап берсе болмок. Изилдөөдөгү мындай кадам **баштапкы иштин башталышын** – ЭМНЕДЕН БАШТОО КЕРЕКТИГИН жана **процесстин уланмалуулугун** – социалдык педагогдордо ЭМНЕНИ ӨНҮКТҮРҮҮ КЕРЕКТИГИН тастыктамак.

**2.** Диссертациядагы педагогикалык шарттардын бири – социалдык педагогдун ишмердүүлүгүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана ата-энелердин ишмердүүлүктөрү менен айкалыштыруу. Диссертацияда биргелешип иштөөнүн түрлөрү сыпатталып баяндалганына карабастан, бул өз ара иш-аракеттерди ар кандай көйгөйлөрдү «тобокелдик топтун» социуму менен биргеликте чечүү менен айкалыштырып чагылдырганда натыйжалуу болмок.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна шайкеш келет жана анын негизги жоболорун чагылдырып турат. Диссертация жана автореферат туура логикалык түзүлүштө жана ички бирдиктүүлүктө аткарылган, ошондой эле олуттуу фактылык материалдарга негизделген.

**Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жободо» көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык келиши жөнүндө бүтүм.** Ашымбаева Токтобүбү Абасовнанын «Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары

(Кыргыз Республикасынын мисалында)» деген темада жазылган кандидаттык диссертациялык иши актуалдуу темага ылайыкталып жазылган, теориялык жана практикалык тажрыйбалык мааниге ээ. Диссертациялык иш жеке аткарылган жана жыйынтыкталган иш катары эсептелинет. Анын илимий жыйынтыктары жаңычылдыгы жана тактыгы менен өзгөчөлөнөт, диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары илимий эмгектерде жарыкка чыккан. Булардын баары аталган диссертация КР ЖАКтын кандидаттык диссертациялар боюнча «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобосунун» талаптарына жооп берет деген жыйынтык чыгарууга негиз болот, ал эми анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика тарыхы жана билим берүү адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий наамдын ыйгарылышына татыктуу.

**Расмий оппонент**
педагогика илимдеринин доктору,
КР БбИМ алдындагы Республикалык
педагогикалык кызматкерлердин
квалификациясын жогорулатуу жана кайра
даярдоо институтунун педагогика, психология
жана социалдык-гуманитардык билим берүү
кафедрасынын профессору Н.К. Дюшеева

2020-ж. 13-марты

**Т.А. Ашымбаеванын** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган **«Социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** деген темадагы диссертациялык ишин эксперттик баалоонун **критерийлери**

| К № | Баалоонун негизги критерийлери | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| I | **Актуалдуулук критерийлери** | 5 |
| 1. | Изилдөө проблемасынын өздөштүрүлүүсү | 5 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негиздемелери | 5 |
| 3. | Иштеп чыгуу ыкмаларынын артыкчылыктуулугу | 5 |
| 4. | Автордук изилдөө гипотезасынын логикалуулугу | 5 |
| 5. | Максаттарынын жана милдеттеринин тастыкталышы жана өз ара байланыштуулугу | 25 |
| | **Баллдардын суммасы** | 5 |
| | **Орточо балл** | |
| II | **Жаңычылдык критерийлери** | 5 |
| 1. | Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы | 4 |
| 2. | Илимий-изилдөө ыкмасынын жаңылыгы | 5 |
| 3. | Негизги жоболордун типологиясы | 14 |
| | **Баллдардын суммасы** | 4,6 |
| | **Орточо балл** | |
| III | **Сапаттык жана деңгээлдик критерийлер** | 5 |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 4 |
| 2. | Илимий-теориялык ресурстар | 5 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий-колдонмо ресурстары | 5 |
| 4. | Материалдарды кайра иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 5 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 5 |
| 6. | Натыйжалардын тажрыйбалык талаптуулугу | 4 |
| 7. | Максаттардын жана милдеттердин жүзөгө ашырылуу деңгээли | 33 |
| | **Баллдардын суммасы** | 4,7 |
| | **Орточо балл** | |
| IV | **Сынактан өткөрүлгөндүк критерийлери** | 5 |
| 1. | Жарыкка чыгаруунун толуктугу, деңгээли жана географиясы | 5 |
| 2. | Сынактан өткөрүүнүн толуктугу жана географиясы | 5 |
| 3. | Керектөө талаптарынын канааттануу деңгээли | 5 |
| 4. | Изденүүчүнүн изилдөөгө киргизген жеке салымы | 20 |
| | **Баллдардын суммасы** | 5 |
| | **Орточо балл** | |
| V | **Тариздөө сапатынын критерийлери** | |
| 1. | Диссертациянын тариздөлүү сапаты | 5 |
| 2. | Авторефераттын тариздөлүү сапаты | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 10 |
| | **Орточо балл** | 2 |
| VI | **Диссертациянын «жылдыруу» сапатына баа берүү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы кароо процедурасына туура келиши | 5 |
| 2. | Коргоо процедурасына туура келиши | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 10 |
| | **Орточо балл** | 5 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | 112 |
| | **Орточо балл** | 4,9 |

Расмий оппонент: п.и.д., профессор Н.К. Дюшеева